КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
"КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ" МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
УЧРЕЖДЕНИЕ "АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА"

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**30-апрель 2024-жыл № 7** **Совет айылы**

**Кеңеш айыл аймагындагы**
**малчылардын мал жандыктарды багуу акысы, жарандардын бак-дарактарына, чөп оруктарына жана талаа эгиндерине түшкөн мал жандыктарга айып пул (штраф) салуу жөнүндө.**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн 16.04.2024-жылдагы № 01-17/378 сандуу катындагы айылдарда өткөрүлгөн элдик жыйындарда малчылардын мал жандыктарды багуу акысын бекитүүдө, Кыргыз Республикасынын Укук Бузуулар жөнүндө Кодексинин 27-главанын 251-беренесине, айыл чарбачылыгы жана муниципалдык менчик жерлердин натыйжалуу пайдалануу жана көрктөндүрүү иштери боюнча комитетинин корутундусуна негиз Кеңеш айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезекүү III-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Кеңеш айылдык Кеңешинин 07.02.2023-жылдагы VIII-чакырылышынын кезектүү XXI-сессиясынын № 12 токтому жана Талдуу-Булак айылдык Кеңешинин 29.01.2024-жылдагы VIII-чакырылышынын кезектеги XV-сессиясынын № 3 токтомдору өзгөртүүсүз калтырылсын.

2. Кеңеш айыл аймагындагы малчылардын мал жандыктарын багуу акысы, шартуу баш малга 150 сомдон, кой эчкиге 30 сомдон, мал жайытка байланышбаган 1,0га жерге 1300 сомдон болуп бекитүү жагы жактырылсын.

3. Кеңеш айыл аймагынын жарандарынын бак-дарактарына, чөп оруктарына жана талаа эгиндерине түшкөн мал жандыктарга, күбө, фото видео далилдер менен болсо, *бак-даракка:* 1 (бир) баш жылкы, кара малга–5000 (беш миң) сом, 1 (бир) баш кой эчкиге–500 (беш жүз) сом. *Эгин чөп чабыкка:* 1 (бир) баш жылкы, кара малга–2000 (эки миң) сом, 1 (бир) баш кой-эчкиге –200 (эки жүз) сомдон айып пул салынуу жагы жактырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко жана айыл чарба адиси С.Нурсеитовко милдеттендирилсин.

5. Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыяланcын.

6. Аталган токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын реестрине киргизүү жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин жооптуу катчысы Ж.Ураимовага милдеттендирилсин.

7. Токтомду көзөмөлдөө жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басарлары Б.Матишовко, А.Азимбаевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Ш.М.Канполотов**